**Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын 2023-жылдын 6-октябрындагы №3- кезектеги отурумунун протоколу.**

**Катышканы: 29**

**Катышпаганы: 2**

**Күн тартиби:**

1. Зарылчылыкка жараша НББПны оңдоп тузөө. Компетенциялар менен кутулуучу натыйжаларды талкуулоо жана зарылдыкка жараша кошумча, өзгөртүүлөрдү киргизуу.
2. Күндөлук, аралык, жыйынтык текшерүүлөр үчүн окутуунун натыйжаларына туура келген баалоочу каражаттардын топтомун карап, кайрадан ( ФОС) талкуулоо жана түзөө.Китеп фондун толуктоо.
3. Кафедранын окуу-усулдук иштеринин аткарылышы, журүшү жөнундө талкуулоо. Ачык сабакты талкуулоо. (эки окутуучу)
4. Окуу процессине жаңычыл методдорду, технологияларды киргизүү жана атайын курстарды жана семинарды уюштуруу.
5. Ар түрдүү маселелер:

Биринчи маселе боюнча кафедра башчысы, программа жетекчиси Т.Б.Жээнмырзаевна сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө НББПга өзгөрүүлөр (жаңы стандартка ылайык) киргизилип, компетенциялар аныкталганын айтты. Мисалга алсак, практикалык грамматика жана үйрөнүп жаткан тилдин практикалык курсу сабактарында (1-курс) КН 2ге ылайык ИК 1, ПК 13, ПК 16 компетенцияларында өзгөрүүлөр болуп, ушул компетенциялар калыптанаарын айтты. Ошондой эле КНлардын саны кыскаргандыгын жана КН5-6 ларга ДПК-1 компетенциялары предметниктердин тарабынан сунушталып, бардык предметтердин компетенциялары аныкталып, толук өзгөрүү киргизүү жана бекитип берүү жагы факультеттин кезектеги окумуштуулар кеңешинен суралды.

Күндөлук аралык, жыйынтык текшерүүлөр үчүн окутуунун натыйжаларына туура келген баалоочу каражаттардын топтомун ар бир предметтин усулчулары көрсөтүп беришти. Жаңы келген жана жаш окутуучулар үчүн атайын көргөзмөлүү сабактарды өтүп берүүгө тажрыйбалуу окутуучулар милдеттендирилди.

Китеп фондун толуктоо максатында адабияттарды сунуштоо боюнча зав.кафедра Б.Тургунбаева окуу планындагы 1-курста окула турган практикалык грамматика жана 1-4 курстар үчүн окутулуучу англис тилинин практикалык курсу дисциплиналары боюнча окуу китептери жетишсиз болгондуктан ,жогорудагы адабияттардын тизмеси менен таанышып чыгуубузду айтты.Алар: Oxford,EAP,В.Д.Аракин негизги китептер экендигин белгиледи.Бул китептердин бардык редакциясы бар болгондуктан кошумча адабият катары жогорудагы китептерди сунуштады.

Сөзгө чыкты:

Улук усулчу А.Тажибаева:" Студенттердин англис тилин үйрөнүүдөгү окуу көндүм жана жазуу көндүмдөрүн өрчүтүү максатында Q Skills for Success,Reading and Writing китептерин алуу да зарыл".

Усулчу Т.Тагаева да практикалык грамматиканы окутууда китептер толук жетишпегендиктен Oxford Practice Grammar,Essential Grammar in Use китептерин кошумча алуу зарыл экенин айтты.

9-октябрь күнү Мусаханова Гулира эжекенин өтүлгөн ачык сабагы талкууланды. Сабактын темасы "English Towns" АКК-4-23 тайпасында өтүлгөн. Студенттердин деңгээли Elementary деп аныкталган.Гулира эжекенин сабагынын планы жакшы түзүлгөн.Төрт көндүм тен камтылган. Окутуучулар тарабынан Мусахановага инструкцияны студенттерге так берүүсү керетиги жана көргөзмө куралдарды көп колдонуш керектиги сунушталды.

2-Камчыева Айгерим эжекенин "British Meals"деген темада өткөн ачык сабагы талкууланды.Ал эжекенин сабагында ар түрдүү көргөзмө куралдар колдонулуп,сабак жакшы өткөнү айтылды.Кошумча сунуш катары окуутучулар Британиялык тамактар менен Кырзыздын тамактарын салыштырып,слайддарды кошуп койсо мыкты болоорун айтышты жана сабактын максатын койгондо Блумдун таксономиясындагы этиштерди колдонуш керектиги айтылды.

4.Бул маселе боюнча кафедра башчысы Б.Тургунбаева окуу процессине жаңычыл методдорду,технологияларды киргизүү жана атайын курстарды,семинарларды уюштурууда ар бир окутуучуга жүктөлөөрүн айтты.Кафедранын окутуучулары тарабынан бардык өткөрүлүп жаткан семинарларга катышып,окутуунун заманбап түрүн колдонуп өтүүлөрү зарыл экендигин белгиледи.

**5.Ар түрдүү маселелер.**

а)Ар түрдүү маселелердин бул бөлүгүндө студенттердин сабакка катышуусу болуп жатат деп зав.кафедра сөз баштады. Ар бир куратор өз тайпасына көңүл буруп,сабакка катышууларын көзөмөлдөөсүн,ар бири менен тыгыз иштөөсүн эскертти.

б)Экинчи маселеде PHD,доцент А.А.Акматованын жетекчилиги астында факультеттин методисттери менен ички комиссия түзүлгөнүн,ал топ ар бир кафедранын билим берүү сапаты,срс,баалоо,жумушчу программа жана силлабус кандай түзүлгөнүн текшерет деп зав.кафедра маалымат берди.Программа жетекчиси,зав.кафедра Б.Тургунбаева эстеткич жонөткөндүгүн айтып өттү.Эстеткичте ОМК,срс,тесттер,жумушчу программа,силлабустарды гугл дискке жүктөө керектигин айтты.

Токтом:

1.Жаны стандартка ылайык НББПга киргизилген өзгөрүүлөр,кошумчалар бекитилсин.

2.Күндөлүк,учурдук,аралык жана жыйынтыктоочу тесттердин түзүлүшү ОН жана БКга дал келээрин белгилөө менен канааттандыраарлык деп табылсын.

Төмөнкү китептер илимий китепканага алуу үчүн сунушталсын:

Авторлору:

1. Edward de Chazal -100шт./Oxford EAP Intermediate/ B1+

2. Edward de Chazal -20 шт./Oxford EAP Intermediate /B1+

3. Edward de Chazal-30шт./Oxford Upperintermediate/ B2 Teacher's handbook.

4. Edward de Chazal -5шт./Upperintermediate/ B2 Teacher's handbook.

5. В.Д.Аракин "Практический курс английского языка"4 часть 2012.

6. Jenny Bixby and "Q:Skills for Success"Reading and writing 3rd Edition.

7. Frances Eales,Steve -100 шт.-Speakout.

8. John Eastwood-30 шт."Oxford Practice Grammar"Intermediate.

9. John Eastwood -50 шт.”Oxford Practice Grammar “Basic.

10. Raymond Murphy-50 шт.”Essential Grammar in Use” for elementary learners.

11. Савватеева А.В,Попова А.В. 50-шт.“A Practical Course of Use “

3. Ачык сабактардын график боюнча өтүлүүсүнө ар бир окутуучу жооптуу жана аны көзөмөлдөө улук усулчу А.Тажибаевага жүктөлсүн.

4. Окутуу процессинде жаңычыл методдорду колдонуп сабак өтүү жана атайын уюштурулган семинар, курстарга катышуу ар бир окутуучуга жүктөлсүн.

5. Ар бир куратор өз тайпасына көңүл буруп,сабакка катышуусун көзөмөлдөөсү милдеттендирилсин.

6. Усулчулар 2 ссылка түзүп,ар бир окутуучу папкаларга өздөрүнүн материалдарын жүктөөсү милдеттендирилсин.

Кафедра башчысы: Тургунбаева Б.Ж.

Катчы: Бекташова Ж.Т.